«САПАТТУУ БИЛИМ» БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ «САПАТТУУ БИЛИМ»

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL ORGANIZATIONS AND PROGRAMS «SAPATTUU BILIM»

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ДАЯРДОО БАГЫТЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕС АККРЕДИТАЦИЯНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ БОЮНЧА**

# ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН КОРУТУНДУСУ

## “№72 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ” МЕКЕМЕСИ

**АДИСТИГИ: 7443, 5122 ЧАРБАК ЭЭСИ**

**МАЙ - 2025**

МАЗМУНУ

**I.** БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ......3-БЕТ

**II.** ПРОГРАММАЛЫК ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТТУН АНАЛИЗИ_..............................................................................................11-БЕТ

**III.** ТЫШКЫ ЭКСПЕРТТИК ТОБТУН ИШ САПАРЫН баяндоо.............12-БЕТ

**IV.** СТАНДАРТТАР БОЮНЧА ДАЛ КЕЛҮҮСҮ…………………………15-БЕТ

Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү
Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу
Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо
Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал
Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар

**V.** БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА СНУШТАР…………………….....................................20-БЕТ

**VI.** КОРУТУНДУ...…………………………….....................................20-БЕТ

## КИРИШҮҮ БӨЛҮМҮ

## I. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

“№72 Кесиптик лицейи” Мекемеси билим берүү уюмунун администрациясынын билдирүүсүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтомуна («Билим берүү тармагындагы аккредитация боюнча нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө») ылайык, Сапаттуу Билим агенттигинин эксперттик **№ 97-05/25 (03,05,2025ж.)** буйругунун негизинде, 23-24-май **2025ж.**, программалык аккредитация алкагында төмөнкү билим берүү уюмунун тышкы баалоосун жүргүздү:

| | |
|---|---|
| Багыт окутуу/адистик | Чарбак ээси |
| Окутуу профили/адистиги | Башталгыч кесиптик билим берүү |
| Шифр Квалификациясы | 7443, 5122 |
| Окуу формасы | күндүзгү |
| Нормативдик окуу мөөнөтү | 2 жыл |
| эмгек жыштыгы (Трудоемкость) | 3000 саат |
| Билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия жөнүндө маалымат | **ЛИЦЕНЗИЯ № LS230001500** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 24-ноябрындагы № 5464/1 буйругу (Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Лицензиялоо боюнча Кеңешинин чечими, 2023-жыл 23-ноябрындагы №15 протоколу.) |
| Байланыш маалыматтары (дареги, веб-сайты, электрондук почтасы, телефону) | Эл почта: lisey45@mail.ru, Веб сайт: https://liceum45.mektebim.kg/ |

*Эксперттик топтун курамы жөнүндө маалымат (Сапаттуу Билим агенттигинин 2025-жылдын _03.05.2025ж., № 97-05/25 буйругу)*

**Эксперттик топтун трагасы:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Урматов Канат Урматович |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 17 Кесиптик лицейи. Окутуучу. |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Ж.Баласагын атындагы КУУ, Тарых чөлкөм таануу факультети, Тарыхчы 2010ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | бар |
| 5 | Эксперттин колу | |

1. **эксперттик топтун мүчөсү**:

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Каримова Шайыргүл Баймурзаева |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 58 Кесиптик лицейи. Директор |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | ОшМУ, Тарых факультети, Тарыхчы 2000ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

2. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Камчыбекова Гулзат Сайдахматовна, |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 33-Кесиптик лицейинин бөлүм башчысы |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | БатМУ, Табият таануу факультети, биология мугалими 2003ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

3. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Осмонова Галбу Акушевна |
| 2 | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Молдо Нияз айыл аймагына караштуу Совет айылындагы айыл башчы, “Келечек” тигүү цехинин башчысы |
| 3 | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Алма-Ата политехникалык техникум, инженер-технолог, 1985ж.,Жалал-Абаддагы укук жана бизнес академиясы, экономика факультети, экономис кесиби 2017ж. |
| 4 | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| 5 | Эксперттин колу | |

4. **эксперттик топтун мүчөсү:**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| 1 | Толук аты (толугу менен) | Абдилакимова Диана Бакытбековна |

| | | |
|---|---|---|
| **2** | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | № 33 Кесиптик лицейдин окуучусу |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | Окуучу |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | жок |
| **5** | Эксперттин колу | |

5. **референт**

| № | *Аталышы* | *Баяндоо* |
|---|---|---|
| **1** | Толук аты (толугу менен) | Стамбаева Миргүл Шамыркановна |
| **2** | Экспертиза учурундагы кызматы жана иштеген жери | Бишкек инновациялык колледжи. Окутуучу |
| **3** | Билими жана алган адистиги жөнүндө маалыматтар (категория, илимий же илимий даража же наам (бар болсо) | В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институту, математика , информатика жана эсептөө техникасы мугалими, 1991 ж. |
| **4** | Көз карандысыз эксперт катары тажрыйбасы: бар / жок | Бар |
| **5** | Эксперттин колу | |

## **Кесиптик лицей жөнүндө жалпы маалымат**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүү мекеменин толук аты-жөнү:** | № 72 Кесиптик Лицей |
| 2 | **Кыскартылышы:** | КЛ № 72 |
| 3 | **Түзүлгөн жылы:** | 1974 жыл |
| 4 | **Юридикалык дареги:** | Баткен облусу Кадамжай району Совет айылы Комсомол көчөсү № 5 |
| 5 | **Юридикалык жактын уюштуруу –укуктук формасы:** | Мекеме |
| 6 | **Каттоо номери** | 94470-3309-У-е |
| 7 | **ОКПОНУН коду** | 20017020 |
| 8 | **Байланыш телефону:** | 0502494825 |
| 9 | **Электрондук дарек:** | pldirector72@mail.ru |
| 10 | **Сайт:** | https://prof-lyceum72.mektebim.rg/ |
| 11 | **Түзүүчү:** | № 72 Кесиптик Лицей |
| 12 | **Устав:** | 15.07.2024 ж № 1105/1 |
| 13 | **ИНН:** | 0101200410187 |
| 14 | **Алгачкы катталган күнү:** | - |
| 15 | **Кайра катталган күнү:** | 01082024 |
| 16 | **Билим берүү ишине лицензиялардын болушу:** | LS230001500<br>LS180000164<br>LS180000150 |
| 17 | **Лицензия берилген күнү:** | 23.11.2023 ж<br>13.11.2018 ж<br>13.11.2018 ж |
| 18 | **Жетекчиси** | Боркошов Ш Б |

## **Лицейдин тарыхый маалыматы.**

Биздин № 72-Кесиптик Лицей 1974-жылы Кыргыз ССР нын Министрлер Советинин 1974-жылдын 10 апрелиндеги № 188-токтому жана Кыргыз ССР нын Мамлекеттик профессионалдык билим берүү комитетинин 1974-жылдын 28-июнундагы № 158 токтому менен Совет поселогунда № 26 шаардык кесипчилик – техникалык окуу жайы болуп 1974-жылы ачылган.

Ошол убакытта биздин поселокто Кан коргошун комбинаты жоюлуп, анын ордуна Кан мебелдик фабрикасы ачылган. Фабрикага жумушчу кадрларды даярдоого жаңы ачылган № 26- ГПТУ га тапшырылган.

Училища 1974-1075-окуу жылында биринчи окуу жылы болуп эшигин ачкан.Окуу жайдын карамагына: окуу корпусу, ашкана, өндүрүштүк устаканалар жана Баткен облусунун райондорунан келип окугандар учун 250 орундук жатакана болунуп берилген.

Биринчи окуу жылында : «Жыгач уста» «Жыгач иштетуунун станочниги» мебель боюнча «Столяр» профессиялары боюнча тайпалар ачылып , аларга 175 окуучу кабыл алынган.Окуу жайын биринчи ачып, ушул жерде иштегендер: директор-Атажанов Махмуд Атажанович, орун басарлары-Кононов Виктор Степанович, Бапыгулов Жалил Бапыгулович.

Окуу жайы ачылгандан кийин биринчи жылын жашылдандыруу , көрктөндүрүү реконструкция иштери жүргүзүлгөн.

1977-1978-окуу жылынан баштап, Суеров А директор болуп, анын орун басарлары-Исраилов Б, Турдубаев А, улуу устат –Насридинов А дайындалган.Ушул жылдан Сүлүктү шаарында филиал ачылган.Окутуучулардын саны 270 ке жеткен.

1979-жылдан 2000 –жылга чейин К М Маматкулов директор болуп иштеген.
1980-1981-окуу жылында училища орто билим берүүчү окуу жайына өткөрүлгөн.Ушул жылы «Витражист» тайпасы ачылып, сүрөтчүлөр даярдала баштаган.Ошондой эле «Сүрөтчү, жыгачка сүрөт салуу» тайпасы ачылып, аны Абрамов атындагы көркөм училищаны бүтүрүп келген Вашев Альберт жетектеген.

Кабинеттик системага өтүлгөн, баардык кесиптер боюнча төмөнкү кабинеттер ачылган: Физика, химия, биология, математика.

Ушул жылы «Тигүүчү-мотористка» тайпасы ачылып, окуучуларга билим бериле баштаган.

2000-жылдардан кийин Токтоматов К, Мусаев, Досатов Д М окуу жайды жетектеген. Д. Досатов жетектеген мезгилде окуу жайга көптөгөн жаңылыктар киритилген.Окуу жайдын жатаканасы капиталдык ремонттон өткөн.Жатаканага заманбап эмеректер алып келинген.Жатаканада окуучулардын сабактарга даярдануусу үчүн стол стулдар бар.Жаңыдан мончо курулган, жер титирөөнүн натыйжасында жараксыз абалга келгендиги үчүн өндүрүштүк устакана башка жерге көчүрүлүп, өндөлгөн.Окуучулардын кесип үйрөнүүсү үчүн керектуу эмеректер менен жабдылган. Жетекчилик мезгилинде Досатов Дастан Мамасыдыкович көптөгөн уюмдар менен тыгыз иш алып барып, окуу жайдын өнүгүшүнө өтө чоң салым кошкон.
2017-жылдан баштап окуу жайды Асанов Базарбай Айдаркулович жетектеп келген.Окуу жайда кабилдуу интернет иштеп турат.Окуу каналарында интерактивдуу доскалар бар.Окуучуларга билим берүүдө 13 мугалим 12 устат эмгектенип келет.

2023-2024-окуу жылында Ахмедова Гулойим Маджитовна убактылуу директор кызматында иштеп, окуу жайды жетектеп келген.

Учурда Боркошов Шүкүрбек Бектемирович директор кызматында иштеп, окуу жайды жетектеп келет.

Азыркы учурда окуу жай Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына карайт.
**Окуу жай төмөнкү кесиптерге адистиктерди даярдайт:**

**2 жылдык окуу мөөнөтү менен:**

| **Шифр** | **Кесиби** | **Окуу мөөнөтү** |
|---|---|---|
| 7443, 8263 | “Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору” | 2 жыл |
| 7443, 5122 | “Чарбак ээси” | 2 жыл |
| 7212,8322 | Электр газ менен ширетүүчү С категориясындагы автоунаа айдоочусу | 2 жыл |

**Кыска мөөнөттүү кесиптерге төмөнкү адистиктерди даярдайт:**

| **Шифр** | **Кесиби** | **Окуу мөөнөтү** |
|---|---|---|
| 7443 | Тигүүчү | 3 ай |
| 7212 | Ширетүүчү | 3 ай |
| 8322 | В,С категориясындагы автомобил айдоочусу | 3,5 ай |
| 5122 | Ашпозчу | 3 ай |
| | Персоналдык компьютердин оператору | 3 ай |

**Уюштуруучулар жана башкаруу.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлиги.
**Лицензиялоо жөнүндө маалымат.**
Лицензиянын сериялык номери: № LS230001500
- Электр газ менен ширетүүчү, окуу мөөнөтү -2 жыл
- Тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору , окуу мөөнөтү -2 жыл
- Чарбак ээси , окуу мөөнөтү -2 жыл

Лицензиянын сериялык номери: № LS230001519
- Ашпозчу , окуу мөөнөтү – 3 ай
- Тигүүчү, окуу мөөнөтү – 3 ай
- Ширетүүчү , окуу мөөнөтү – 3 ай
**Уюштуруучулук укуктук формасы:** Мекеме
**Менчигинин түрү :** Мамлекеттик
**Кесиптик лицейдин директору:** Боркошов Шүкүрбек Бектемирович
**Аккредитация үчүн жоопкер тарап:** № 72 Кесиптик лицей
Төмөндөгү кесиптер боюнча аккредитациядан өткөндүгүн тастыктайт.
*Таблица 5.*

| Шифр | Кесиби | Окуу мөөнөтү | Окутуу ишмердүүлүгүнүн жүргүзүүгө укук берген негизи: |
|---|---|---|---|
| **7212**<br>**8322** | “Электр –газ менен ширетүүчү, “С” категориясындагы автоунаа айдоочусу” | 2 жыл | “Эл баасы” аккредитациялык агенттиги |
| **8263** | “Тигүү жабдууларынын оператору” | 2 жыл | |

**Сертификаттар тууралуу маалымат.**
**Сертификат № VD200000082**
**Төмөндөгү кесиптер боюнча аккредитациядан өткөндүгүн тастыктайт.**
***Таблица 2.***

| Шифр | Кесиби | Окуу мөөнөтү | Окутуу ишмердүүлүгүнүн жүргүзүүгө укук берген негизи: |
|---|---|---|---|
| | “В” жана “С” категориясындагы автоунаа айдоочусу” | 3,5 ай | “Эл баасы” аккредитациялык агенттиги |

**Тел.** 0502494825
**Эл.дареги:** pldirector72@mail.ru
**Индекс:**720214
**Дареги:** Баткен Облусу Кадамжай району Совет айылы Комсомол көчөсү № 5

**КЛдин миссиясы жана стратегиялык планы:**

Окуу жайдын стратегиялык планы 2025-жылдын 29-августундагы Педагогикалык кеңештин № 1 протоколу менен 2024-2025-2026-2027-жылдарга карата бекитилген.

**Окуу жайдын миссиясы:**Мезгилдин талабына жооп берген , жаңы инновациялык окутуунун технологияларын колдонуу менен бирге, жогорку квалификациялык адистерди даярдоо.

**№72 КЛ максаты:** Мамлекеттик иш каналарда , мекемелердин жана жергиликтүү башкаруу уюмдарынын талабына ылайык квалификациялык жумушчуларды даярдоо.

**№72 КЛ кызмат көрсөтүүсү:** Кесип жана билим берүү

**№72 КЛ 2025-жылга стратегиянын негизги максаты:**

-Квалификациялык кадрларды даярдоого шарт түзүү.
-Учурда иштеп жаткан өнөктөштөр менен кызматташтыкты күчөтүү жана жаңы өнөктөштөрдү биргелешкен ишмердүүлүккө тартуу
-Окуу жайдын окуу корпусун , ашканасын капиталдык ремонттон өткөрүү.

-Жергиликтүү эмгек рыногунда лицейдин бүтүрүүчүлөрүнүн талабын жогорулатуу

**Стратегиялык планда артыкчылык багыттар белгиленген:**

-Материалдык техникалык базаны чыңдоо.
-Лицейдин бүтүрүүчүлөрүн эмгек рыногуна даярдоо.
-Компетенттүү мамиле аркылуу окуучулардын саппатуу окуусун өнүктүрүү.
-Бюджеттик жана бюджеттик эмес кирешелерди максатка ылайык пайдалануу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

-Мекеме иш каналарда өз адистиги боюнча иштей алуу.
-Практика учурунда өз билимин колдоно алуу.
-Учурдун талабына ылайык жаңы технологияларды колдоно билүү.
-Өзү ээлеген кесиби менен коомчулукка жардам бере алуу.
-Өз кесибин башкаларга үйрөтө алуу.
-Мамлекеттик жана расмий тилдердеги иш кагаздар менен иштей алуу.
-Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдоно билүү.
-Өндүрүштүк окуу мезгилинде техника коопсуздук эрежелерин так билүү

**Кызыкдар тараптар: Иш берүүчүлөр, ата-энелер,окуучулар**

**Кызыкдар тараптардын талаптары:**

**Окуучулардын талаптары:**

-саппаттуу билим алуу.
-практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү.
-Жаңы технологияларга жеткитиктүүлүк.
-коопсуз жана ыңгайлуу билим алуу.
-стипендия, жатакана, тамак аш шарттары.

**Ата-энелердин талаптары:**

-баланын коопсуздугу, билим деңгээлинин жогору болушу.
-тарбия жана этикалык баалуулуктарга коңул буруу.
-акчалай чыгымдардын негиздүү болушу.

**Иш берүүчүлөр**

-кесиптик даярдыгы жогору адистер.
-теория менен практиканын айкалышы.
-жумушка даяр бүтүрүүчүлөр.

**Кызыкдар тараптардын күтүүлөрү:**

**Окуучулардын күтүүлөрү:**

-саппаттуу билим, заманбап методдор менен окутуу
-практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү
-жакшы шарттары окуу чойрөсү (интернет, лабаратория ж.б)
-мүмкүнчүлүктөр (стажировка, практика, стипендия)

**Ата-энелердин күтүүлөрү:**

-стабилдүү окуу процесси.
-натыйжалуу билим берүү жана келечекте жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү
-баласынын коопсуздугу жана жакшы тарбия алышы

**Иш берүүчүлөр күтүүлөрү:**

-кесипке даяр бүтүрүүчүлөр.
-заман талабына жооп берген программа.
-жумушка колдонууга даяр практикалык көндүмдөр.

**Окуучулардын саны жөнүндө маалымат**

| Курсу | Чарбак ээси |
|---|---|
| **1-курс** | **25** |
| **2-курс** | **21** |
| **Жалпы** | **46** |

**Окутуучулук-инженердик курам**

| Штаттык мугалимдер | Устаттар | Негизги кызматын айкалыштырып иштеген мугалимдер | Педагогикалык курамдын жалпы саны |
|---|---|---|---|
| 19 | 3 | 0 | 22 |

## 2. ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**“Чарбак ээси” адистиги боюнча, мамлекеттик билим берүү стандартына жана РИМБ тарабынан берилген типтүү окуу планынын негизинде окутуунун жумалык жүктөмдөрү аныкталган.** Окуу-өндүрүштүк жүктөмдөр 1- курстарда 38-39 академиялык сааттан жана 2 жарым жылдыкта 39-40 сааттан жана 2-курста 39-42 академиялык сааттан каралган.

Чарбак ээси жылдык - жалпы сааттар – 3000 саат
Жалпы билим берүү дисциплиналары – 1768 саат
Кесиптик цикл – 388 саат
Өндүрүштүк окуу – 412 саат
Өндүрүштүк практика - 432 саат
Жумалык жүктөм – 36-39

Сабак жадыбалында ушул талап аткарылат. «Чарбак ээси» кесибин даярдоо процессинде тайпаларда 2 ден устат, тайпа жетекчилери, 16 мугалим эмгектенүүдө. Мугалимдер жана өндүрүштүк окуунун устаттарынын билимин жогорулатуу боюнча иш-пландары түзүлгөн жана үзгүлтүксүз аткарылууда. 2020-2024 окуу жылдарында РИМБ, жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин секторду өнүктүрүү программасы тарабынан окуу жайдын кызматкерлери түрдүү багыт боюнча онлайн жана офлайн түрүндө өз билимдерин жогорулатып келишүүдө. «Чарбак ээси» кесиби боюнча 8 теориялык окуу канасы, бир компьютер канасы, бир электрондук китепкана, интерактивдүү доскалар, автотренажер, окуу программасына ылайыктуу макеттер, окуу китептери, тигүүчү, даярдоочу лабороториялык каналары жабдылган.

**Кесип боюнча окуу китептери**

| № | Китептердин классификациясы | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Китептердин жалпы фонду | 844 |
| 2 | Кесиптик окуу китептер | 62 |
| 3 | Жалпы билим берүү китептери | 286 |
| 4 | Жалпы кесиптик циклдин китептери | 123 |
| 5 | Көркөм адабияттар | 327 |
| 6 | Усулдук колдонмолор | 46 |
| | Электрондук китептер | 63 |

**«Чарбак» адистиги боюнча окууну бүткөн окуучуларга окуу жай тарабынын төмөндөгү документтер берилет:**

Жалпы орто билим жөнүндө аттестат;

Ашпозчу, тигүүчү квалификацияларындагы Чарбак ээси адистигиндеги диплом.

## II. ПРОГРАММАЛЫК ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТТУН АНАЛИЗИ

Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана далилдөө

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Учурдагы пландар боюнча деталдуу маалыматтарды тиркегиле. | Аткарылды |
| 2. Дисциплиналар боюнча тематикалык пландарды тиркегиле жана ал пландардарда негиз кылынган программаны же окуу куралын көрсөткүлө | Аткарылды |
| 3. Дуалдык окутуу жана практика өткөрүү боюнча түзүлгөн келишимдерге шилтеме бергиле. | Аткарылды |

**Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Социалдык аспектилер боюнча окуучуларга түзүлгөн кошумча шарттар тууралуу маалыматтарды киргизгиле | Аткарылды |
| 2. Акыркы беш жылдагы бүткөн окуучулардын так маалыматын бергиле. | Аткарылды |

**Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Окуучулар менен кайтарым байланыштын жол-жобосун көргөзгүлө. | Аткарылды |
| 2. Баалоодогу жеңилдетүүчү жагдайлар боюнча маалыматтарды кошкула | Аткарылды |

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Педагогдорду тандоонун жолдору тууралуу маалыматтарды кошкула | Аткарылды |
| 2. Квалификациясын жогорулаткан мугалимдердин так маалыматын киргизгиле. | Аткарылды |
| 3. Педагогдор методикалык иштелмелерди, методикалык көрсөтмөлөрдү, окуу куралдарын иштеп чыгуу жаатында иштерин чагылдыруу жетишсиз | Аткарылды |

**Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар**

| Эксперттин эскертүүлөрү | Ишке ашырылышы |
|---|---|
| 1. Физикалык, психологиялык коопсуздук боюнча маалымат кошкула | Аткарылды |
| 2. Жаңыланган окуу куралдары тууралуу маалыматты киргизгиле. Электрондук китепкананын шилтемесин көрсөткүлө. | Аткарылды |

## III. ТЭКнын ИШ САПАРЫН БАЯНДОО

ББ мекемесине тышкы визит бекитилген тышкы визит программасына ылайык өз мөөнөтүндө жүргүзүлдү.

Визуалдык текшерүүнүн жүрүшүндө материалдык-техникалык базанын жакшы уюштурулгандыгы жана көптөгөн жабдыктар жана заманбап техникалык жабдуулар, лабораториялык устаканалар, цехтер жана класстар бар экендиги белгилүү болду.
Билим берүү уюму билим берүү стандартына жооп берери белгиленди. Бирок, айрым техникалык жабдуулар жана кабинеттер эскиргендиктен, бул жерде оңдоп түзөө талап кылынат.

Окуучуларга үйрөнүү үчүн ачык мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Мисалы, интерактивдүү платформалар жана кошумча курстар сунушталган. Окуучулардын укуктарын камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жардамчы кызматтар жана кошумча ресурстар бар. Ошол эле учурда, бул мүмкүнчүлүктөр мыйзамдуу талаптарга жооп берет. Окуучуларга укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат жеткиликтүү жана түшүнүктүү түрдө берилген. Эксперттер 72-Лицейдин практикалык иши менен таанышып, билим берүү процесстерин түздөн-түз байкаган. Ишке ашырылып жаткан инновацияларды жана билим берүү стандарттарына жооп берүүчү иштерди тастыктай турган маалыматтар сунушталды.Ошону менен бирге, бир катар мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууда жетишсиздиктер бар экени белгиленди. Тышкы эксперттер окуучулардын жыйынтыктарынын баалоо критерийлери менен таанышып, алар тиешелүү стандарттарга туура келерин белгилешти. Жакшы тажрыйба катары бир катар онлайн жана аралаш окутуу программалары белгиленди. Бирок, маалымат берүүнүн сапаты боюнча кемчиликтер бар экендиги айкын болду. Эксперттер иштин жана иш жүзүндө жүргүзүлүп жаткан программалардын ишенимдүүлүгүн тастыкташты. Окуучулар үчүн баалоо критерийлери жана процедуралары тууралуу толук маалымат берилген жана көрсөтүлгөн документтерге ылайык, алар жалпы документтердин кеминде **80%** түзөт. Окуу жыйынтыктарынын баалоо критерийлери жана процедуралары, экзамендер, зачеттор жана башка баалоо түрлөрү тууралуу окуучулар үчүн маалымат **толук жана жеткиликтүү** берилген. Көрсөтүлгөн **билим берүү документтери** маалыматты тастыктайт. Киргизилген өзгөртүүлөрдүн натыйжалуулугу боюнча анализ берилген. Билим берүү уюмунун расмий сайты **актуалдуу жана маалыматтын жыйнагы көрсөтүлдү**. Ошону менен бирге, **сайттын кээ бир бөлүктөрү жаңылануусуз калган.** Билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү, баалоо жана актуалдаштырылуус **жүзөгө ашырылат**. Тиешелүү билим берүү программасындагы бардык өзгөртүүлөр кызыкдар тараптардын сунуштары **менен ишке ашырылат**.

Тышкы эксперттер тарабынан аккредитациялоонун талабына ылайык **6 ар түрдүү топтор менен** интервьюлар өткөрүлдү. Максаттуу топтор менен жолугушуулар визит программасына ылайык белгиленген убакыттарда жүргүзүлдү. **72-Кесптик лицейдин** жамааты тарабынан визит программасында көрсөтүлгөндөрдүн **90%** катышуусу камсыздалды. Интервьюга **25 окуучу**, **15 педагог**, жана **7 администрация өкүлдөрү**, **20 ата-эне**, **12 бүтүрүүчүлөр жана 6 иш берүүчүлөр болуп жалпы 65** адам катышты**.**

**Педагогикалык жамаат менен маектешүүдө төмөнкүлөр айтылды:**

- жумуш орундарынын шарттарына (окуу аудиториялары, практикалык сабактар жана окуу

практикасын өткөрүү үчүн жайлар) канааттануулары;
- Окуучулардын сабакка катышуу жана жетишүү деңгээлди жогору экендиги ; -
-Лицейдин жетекчилиги тарабынан материалдык базаны жаңыртуу боюнча колдоо көрсөтүлүп жаткандыгы.

**Мугалимдер менен маектешүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкү тыянактарды чыгарууга болот**:
- сабактарга өз ара катышуу практикасы, тажырыйба алмашуу жана өз-ара жардамдашуу жүргүзүлөт, көптөгөн окутуучулардың эмгек стажы жогору.
-коллективдин ичинде колдоо жана ынтымактуулукту камсыз кылууда администрация жана кесиптик бирликтин эмгеги жогорку деңгээлде.
- окутуучулардын эмгеги өз учурунда тиешелүү деңгээлде бааланат;
- жалпы билим берүүчү орто мектептер менен салыштырмалуу мугалимдердин эмгек акысынын жогору экендиги;
- шарттын татаалдыгына карабастан мугалимдердин академиялык мобилдүүлүгү уюшулган.

**Билим алуучулар менен маектешүүдө** окуучулардын билим берүү программаларынын сапатына канааттануусун көрсөтүштү. Алар окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүн, окуу жайдагы түзүлгөн шарттардын алардын муктаждыктарына жооп берерин белгилешти. Ошону менен катар эле окуучулар төмөнкү кемчиликтерди айтышты:
-Лицейдин спорт залынын жоктугун.
-Практиканы өтүүдө ишканалардын алыстыгынан айрым кыйынчылыктарга туш болушаарын.
-Кээ бир окуучулар жаңы технологияларды пайдалануудан кыйналып жаткандыктарын.

**Ата-энелери менен маектешүү** окууга тапшыруу жана билим алуу процессине байланыштуу жүрдү. Маектешүү учурунда алар №72 лицейди мурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн, тааныштарынын, тууганларынын кеңештерине жана сайттагы, башка социалдык түйүндөрдөгү кесипке багыттоо жарнактары аркылуу тандагандыктарын билдиришти. Ата-энелер лицей жайгашкан калктуу пунктун өтө алыстыгын, бирок жатаканада жакшы шарттар түзүлгөндүгүн, тарбиячылардын жигердүү иш алып баруусун, бул окуу процессин жакшы уюштурууга мүмкүнчүлүк болуп жатканын билдиришти. Алар балдарынын билим алуусунун деңгээлине канааттангандыктарын жана окутуучулардын методикалык-педагогикалык жогорку кесипкөйлүгүн белгилешти. Интервью офлайн режиминде өтүп, 20 ата-эне катышты.

**Бүтүрүүчүлөр менен маектешүүдө** окуу жайдагы болуп жаткан өзгөрүүлөр бар экендиги: өзгөчө инновациялык технологияларды колдонуу жаатында, өндүрүштүк окутуудагы дуалдык билим берүүдөгү алгылыктуу жылыштар болуп жаткандыгы боюнча жылуу пикирлерин айтышты. Жумушка орношууда көп мүмкүнчүлүктөр бар экендигин эске салышып, жергиликтүү рынокто таңсыктык бар экендигин айтышты.
-Алар окуу корпусунун эскирип жаткандыгын көрсөтүшүп капиталдык оңдоодон өткөрүү боюнча жардам көрсөтүүгө аракет кылып жатышкандыктарын, аны лицей администрациясы демилгелегендигин билдиришти.

**Иш берүүчүлөр менен жолугушууда** региондо жумушчу күч тартыш экендигин, андыктан окуу жайдын мындан аркы ишмердүүлүгүнө кызыкдарлыктары айтылды.

Кемчилик катары “окуу программасында жергиликтүү өзгөчөлүктү эске алуу менен кадрларга билим берилбей, реалдуулуктан алыс жогорку жыйынтыктарга аракет кылып жатышат” - деп белгилешти.

**Билим берүү уюмунун жетекчилиги менен болгон жолугушууда** кошума көз караштар жана сунуштар берилди.

**Визит маалында эксперттер төмөнкүлөргө көңүл бурушту:**
- 72-КЛ теориялык жана практикалык базасына;
- Партнер мекемелердеги практика үчүн түзүлгөн шарттарга

- Иш берүүчүлөр жана окуу жайлардын өнөктөштөрү менен түзүлгөн келишимдерге.

**Практикалык базаларга барганда төмөнкүлөр белгиленди:**

- Практика базаларынын техникалык жана материалдык базасы жакшы уюштурулгандыгы;
- Окуучулар үчүн жетекчилик жана практикалык көмдүмдөргө үйрөтүү канааттандырарлык деңгээлде экендиги;

**Аккредитация процедурасына ылайык окутуучулар жана окуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүлдү.**

- Анонимдүү сурамжылоого катышкан окутуучулардын саны — **19 адам**.
    - Окутуучулардын 90 % **эмгек шарттарынын жакшы деңгээлин**
    - Карьердик өсүү мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин;
    - Ишти уюштуруу үчүн берилген ресурстардын жетиштүүлүгүн белгилешкен.

**Анонимдүү сурамжылоого катышкан окуучулардын саны — 63 окуучу.**
**Анализ жыйынтыгы төмөнкүдөй:**

- Окуучулардын көпчүлүгү билим берүү процессине жана практикалык тажрыйбага канааттануусун көрсөткөн.
- Социалдык коргоого муктаж окуучуларга тиешелүү колдоо көрсөтүлгөндүгү.
- Мугалимдердин окуучуларга карата гумандуу мамилелерин белгилешкен.

**Ошентип, жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй:**

- **Жалпы канааттануу деңгээли 90%** түзөт;
- Техникалык жабдуулар жана ресурстар боюнча **салыштырмалуу жакшы абал** белгиленди, бирок **жеке кеңселердин жана класстардын жаңылангандыгы** дагы маанилүү маселелердин бири болуп саналат.

**SWOT АНАЛИЗ БЕРҮҮ**

| **S (Strength) – Күчтүү жактар (ички позитивдүү факторлор)** | **W (Weakness) – Алсыз жактар (ички негативдүү факторлор)** |
|---|---|
| - Окуу жай рынок талабына жараша кесиптер боюнча кадрларды даярдап келет.<br>- Өндүрүштүк практика жана иш берүүчүлөр менен болгон тыгыз кызматташтык билим берүү процессинин сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.<br>- Өнүгүүнүн так конкреттүү пландарын койгон Стратегиялык пландын жана учурдагы пландардын болушу. Аны аткарууга реалдуу кадамдар.<br>- Кадрлар менен камсыз болуудагы сандык-сапаттык жетишкендик.<br>- Окуу процессин уюштуруудагы дуалдык билим берүүнүн жана академиялык мобилдүүлүктүн туруктуу иштеши | - Заманбап технологиялардын жетишсиздиги жана инновацияларды киргизүүдө кыйынчылыктар бар, айрыкча алыскы райондордун өзгөчөлүктөрү себептүү.<br>- Билим берүү программаларын, иш берүүчүлөр менен кызматташуу шарттарын жетиштүү деңгээлде кеңейтүү жана тереңдетүү үчүн көбүрөөк ресурстар талап кылынат.<br>- Окуу жайынын имараты, МТБнын эскилиги окуу процессин жеткиликтүү уюштурууга кыйынчылык жаратат. |

| **O (Opportunities) – Мүмкүнчүлүктөр (сырткы чөйрөнүн факторлору, аларды пайдалануу уюм үчүн артыкчылык жаратат)** | **T (Threats) – Коркунучтар (уюмдун абалын начарлатышы мүмкүн болгон факторлор)** |
|---|---|
| - Райондун калкынын санынын анын ичинде бүтүрүүчүлөрдүн өсүүсү, билим алуучулардын көбөйүшү.<br>- Кесиптерге болгон суроо-талап пайда болууда | - Алыскы тоолуу аймак;<br>-окуу корпусуну жылдан жылга эскириши |

## IV. АККРЕДИТАЦИЯ СТАНДАРТТАРЫНА ДАЛ КЕЛҮҮСҮ

**Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.**

**Стандарттын күчтүү жактары:**

-Стратегиялык план - КР туруктуу өнүктүрүү программасына, КР илим жана билим берүү министрлигинин иш планынын негизинде иштелип чыккан жана өнүгүүнүн так пландарын койгон.

-Билим берүү программасынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайыкталып түзүлгөн.

-Окуу программаларынын тематикалык мазмуну кызыкдар тараптардан алынган мониторингдин анализине карата тиешелүү түзөтүүлөргө алынат.

-Билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарына жараша кошумча программалар бекитилген жана иштер алынып барылат.

**Стандарттын алсыз жактары:**

- ички локалдык актылардын жетишпестиги.

-Инновациялык окуу-методикалык ресурстардын жетишсиздиги.

**Анализ жүргүзүү:**

-Билим берүү уюмунун 2023-2028-жылдарга карата түзүлгөн жана бекитилген стратегиялык планы менен учурдагы пландары окуу жайдын миссиясынын мазмунуна негизделген жана рынок талаптарына шайкеш келтирилип иштелип чыккан.

-Окуу программалары мамлекеттик стандартты сактоо менен катар эле кызыкдар тараптардын талаптарын эске алуу менен түзүлүп бекитилген жана ишке ашырылат. Билим алуучулардын окуу программасына жана аны мазмунуна карата канааттануусу боюнча мезгилдүү мониторингдер алынып, анализдер жасалат, тиешелүү чечимдер кабыл алынып, ишке ашырылат.

-Окутуучулук курамдын 80% инновациялык сабактарды өтүшөт бул багытта билимдерин жогорулаткандыгы тууралуу сертификаттарга ээ. Бирок бир эле учурда бир канча сабактарда инновациялык сабактарды өтүүгө керектүү техникалык каражаттардын жетишпестиги байкалат.

**Эскертүү:**

Окуу жайдын ишмердүүлүгүн уюштурууда мыйзам актылары менен катар ички локалдык актыларга да таянуу. Ал үчүн ички нормативдик документтерди тартипке келтирүү сунуш кылынат

**Сунуш:**

- Баардык багыттар боюнча ички нормативдик актыларды иштеп чыгуу.

-Демөөрүлөрдү тартуу, проектилерге катышуу, же атайын эсептик каражаттардын эсебинен Инновациялык окуу-методикалык ресурстарды чыңдоо.

**Жыйынтык**: Стандарт 1. **“Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана**

**мониторинг жүргүзүү**" «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына шайкеш келет.

**Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

**Стандарттын күчтүү жактары:**
-Кабыл алуу процессинин ачык-айкын жана онлайн болушу**.**
-Кесипке багыттоо ишинин системалуу жүргүзүлүшү жана эффективдүүлүгү.
- Жардамга муктаж билим алуучуга социалдык туруктуу колдоонун көрсөтүлүшү.
**Стандарттын алсыз жактары:**
-академиялык мобилдүүлүктү ишке ашыруунун алсыздыгы.
**Анализ жүргүзүү:**
-Окууга кабыл алуу *2020.edu.gov.kg сайтына* онлайн жүргүзүлөт жана ачык-айкындуулук камсыз кылынат. Абитуренттер менен эле катар алардын мыйзамдуу өкүлдөрү жана башка кызыкдар тараптар да маалымат менен камсыз болуп турушат.
-Социалдык жана гендердик өзгөчөлүктөрү карабастан окуучулардын бардык категориялары үчүн билим алууга шарттар түзүлгөн.
-Ар бир бүтүрүүчү Чарбак ээси адистиги кесиби боюнча диплом менен катар, жалпы орто билими тууралуу аттестатка тиешелүү экзамендерди тапшыргандан кийин ээ болушат.
-Алынган билимдерди практикалык бекемдөө райондогу алдыңкы өндүрүштүк иш-каналарда атайын түзүлгөн келишимдердин негизинде ишке ашырылат.
-Кесипке багыттоонун жарнамалоодон башка да ар кандай формалары колдонулат. Мисалы: ярмаркаларда жана көргөзмөлөргө катышуу (окуу жайда жасалган буюмдарды жана тамак-ашты жарнамалоо), Жалпы билим берүү уюмдарына визиттер, ачык эшиктер күнүн өткөрүү, социалдык түйүндөрдөгү кызыктыруучу роликтер ж.б.
**Эскертүү:**
-Кесипке багыттоодо башка социалдык түйүндөр менен катар эле сайттын да ишмердүүлүгүн жогорулатуу керек.
**Сунуш:**
-Академиялык мобилдүүлүктү ишке ашырууну онлайн форматта өнүктүрүү сунуш кылынат.
**Жыйынтык**: Стандарт 2. "**Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**" «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына шайкеш келет.

**Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

**Стандарттын күчтүү жактары:**
-Окутууну баалоо жана өзгөртүү үчүн туруктуу кайтарым байланыш жүргүзүлүп турат.
-Окуучулардын жетишкендиктерин бекемдөөчү шыктандыруу процесси бар
**Стандарттын алсыз жактары:**
-Окуудан чыгарылгандардын себептерине анализ жүргүзүлбөйт жана алдын алынбайт
**Анализ жүргүзүү:**
-Окуучулар менен анкеталар, пикир алмашуулар,социалдык түйүндөрдөгү комментарий аркылуу кайтарым байланыш туруктуу жургүзүлөт жана ага чаралар көрүлөт, алардын баалоосуна жараша бир катар педагогикалык методдор өзгөртүлгөн. Мисалы: Теориялык лекция сабактарын көрсөтмөлүү практикалык сабактарга алмаштыруу процесси акырындык менен ишке ашырууда. Ошондой эле сабактарды видеожаздырууга алууну сабакка келбей калган окуучулар үчүн окуу программасынан артта калуусун алдын алуу, ошондой эле окуучунун эмгегин өзгөчө өндүрүштүк окуудагы жетишкендиктерин бири-бирине баа коюу жана өзүн-өзү баалоо принциби да киргизилген.
-Баалоонун, аппеляциялоонун так критерийлери бар, алар процессте тааныштырылып

турат, бирок кызыкдар тараптар үчүн ачык-айкын көрсөтүлгөн эмес.
-Окуучуларды шыктандыруунун ар кандай методдорун ишке киргизишкен.
-окуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарына жараша траекториялык калыптануууларга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.
-Окуу жүктөмүнө, окутуунуун сапатына, кесибине канааттануусуна жана бүтүрүүчүлөрдүн жумуш менен камсыз болушуна тууралуу маалыматтар чогултулуп турат.

**Эскертүү:**

-Билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдаланууда анын сапатына көңүл буруу кажет.

**Сунуш:**

-Окуудан чыгарылган окуучулардын себептерине талдоо жүргүзүлүп, себептерин жокко чыгаруунун үстүндө иштерди күчөтүү зарыл

**Жыйынтык**: Стандарт 3. “. **Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**” «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына шайкеш келет .

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**Стандарттын күчтүү жактары:**

-Ишке ашырылып жаткан программа боюнча ИПКдын квалификациясынын, билиминин жана тажрыйбасынын талаптарга толук шайкеш келет.
- Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча жыл сайын уюштурулган курстар, аткарылган иштер жана алган сертификаттар билим берүү процесси үчүн сапаттуу адистердин болушун камсыз кылат.
- Персоналдын ишмердүүлүгүнө баа берүү ачык жана объективдүү жүргүзүлүп, аларды сыйлоо (сыйлыктар, грамота, акчалай сыйлыктар) аркылуу жакшы иштин мааниси белгиленет.
- Инновациялык жана прогрессивдүү технологияларды колдонуу үчүн педагогикалык окуулар жана семинарлар өткөрүлөт, жаңы мугалимдерге насаатчылык көрсөтүлөт.

**Стандарттын алсыз жактары:**

- Кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө баалоо системасы көбүнчө сырттан эмес, ички критерийлерге негизделген, бул объективдүүлүктү камсыз кылуу үчүн дагы кеңейтилген механизмдерди талап кылат.
- Педагогикалык кызматкерлердин арасында усулдук колдонмолорду, кесиптик окуу куралдардын иштеп чыгуучулардын аз болушу.

**Анализ жүргүзүү:**

-Ишке ашырылып жаткан программа боюнча учурда 2 тайпада 3 устат өндүрүштүк окутуудан жана 15 мугалим теориялык предметтерден сабак беришет. Окуган дисциплинасына 100% квалификациялык дал келет.
- ИПК квалификациясын жогорулатуу стратегиялык планга ылайык системалуу жүргүзүлөт. Бирок квалификацияны жогорулатуу жана кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо ачык-айкын жана ачык механизмдерге негизделген. Ошол эле учурда, кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана ишмердүүлүгүн баалоо боюнча учурдагы процесстерди дагы тереңирээк изилдеп, жаңы заманбап форматтар жана онлайн курстарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу сунушталат.
-Окуу материалдарынын интерактивдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн кесип боюнча электрондук форматтарды жана мультимедиялык ресурстарды, теориялык, лабораториялык-практикалык сабактар, өндүрүштүк окуулар боюнча видеосабактар, презентациялык сабактарды даярдап өтүшөт.
-педагогикалык курамдын ишмердүүлүгүн стимулдаштырунун бир катар жол жоболору колдонулат. Ар түрдүү деңгээлдеги Ардак грамоталарга, сыйлыктарга көрсөтүүлөр, профсоюз уюмунун финансылык сыйлыктары, колдоолору жана жолдомолорун көргөзүшкөн.

**Эскертүү:** ИПКга шыктандыруучу сыйлыктарды ыйгарууда окутуунун инновациялык методдорун жана прогрессивдүү технологияларды колдонуу менен окутуунун байланышын чындоого көңүл буруу керек.
**Сунуш:**
- Персоналдын ишмердүүлүгүн баалоо үчүн сырттан объективдүү баалоо механизмдерин (мисалы, карьералык өсүү, кесиптик сертификаттар) киргизүү
- Педагогикалык кызматкерлердин арасында усулдук колдонмолорду, кесиптик окуу куралдардын иштеп чыгуусуна шарттарды түзүү, колдоо жана талап коюу.
**Жыйынтык**: Стандарт 4. "**Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал алуудагы жетишкендиктерин баалоо**" «Сапаттуу Билим» Агенттигинин стандартына шайкеш келет

**Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар**
**Стандарттын күчтүү жактары:**
-Окуу жай адистештирилген кабинеттер жана лабораториялар менен жабдылган.
- Электрондук китепкана жана китепкананын жаңы адабияттар менен камсыз болушу, анын окуу программасына шайкештиги, телеграмм тиркемеси аркылуу да камсыздалган.
- Теориялык билимдерди практика менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүгү бар.
- Теориялык жана практикалык кабинеттер жана устаканалар (анын ичинде автотраженерка) жакшы жабдылган.
- Окуу жайдын базасы заман талабына жооп берет, анын ичинде жатаканалар жана спорт аянтчалары жана автодром да бар.
-Тиешелүү тарнспорттук каражаттар, баардык шаймандары менен тракторлор, С категориясынын унаалары жана В категориясынын автокаражаттары жакшы абалда жана практикалык сабактарда туруктуу колдонулат.
**Стандарттын алсыз жактары:**
-Окуу корпусунун эскилиги жана капиталдык оңдоого муктаждыгы.
-Өздүк спор залдын жоктугу.
**Анализ жүргүзүү:**
- Окуу жайдын материалдык жана маалыматтык ресурстары негизинен заман талабына жооп бергендей, бирок айрым аянттардын толук оңдоп-түзөөдөн өтүшү, жатаканалардын толук иштеши жана кабинеттердин абалы жакшыртууну талап кылат. Теория жана практика арасындагы байланышты күчөтүү үчүн башка жабдууларды жана ресурстарды дагы киргизүү зарыл.
- Практикалык сабактар талаптарга ылайык жүргүзүлөт. Дене-тарбия сабагы кышкысын чектелүү менен кабинеттерде гана өтүлөт.
-санитардык-эпидемиологиялык жана өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча атайын кызматтардын кароосунан өткөрүлгөн жана тиешелүү гигиеналык талаптарды сактоо жаатында иштер аткарылып турат. Ар бир теориялык жана өндүрүштүк сабактын алдында эмгекти коргоо журналдары толтурулат.
- Маалыматтар КР Билим берүү жана илим министрлигине маалыматтык системасына (ИСУ) кирет.
-Коомчулук үчүн маалыматтар сайттарда жана социалдык түйүндөрдүн баракчаларында бар бирок анын жетиштүү деңгээлге жеткирүү талап кылынат.
**Эскертүү:**
-Лабораториялардын жана теориялык кабинеттердин жабдылышында инновациялык каражаттардын болушуна көңүл буруу зарыл.
**Сунуш:**
-Окуу корпусун жаңылоо жана спортзал куруу боюнча иштерди алып баруу: демөөрчүлөрдү тартуу, бюджеттик кароого киргизүү боюнча сунуштарды киргизүү, проектилерди тартуу.
**Жыйынтык:** Стандарт 5. " **Материалдык жана маалымат ресурстар**" «Сапаттуу Билим»

Агенттигинин стандартына шайкеш келет

ТИЙИШТҮҮ БАЛЛДАРДЫ КОЮҢУЗ

| **П/П** | **Стандарттар** | **Толук шайкештик (3 балл)** | **Жарым-жартылай шайкештик (2 балл)** | **Шайкеш келбе (1 балл)** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Стандарт 1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү (6 критерий) | 15 | 2 | - |
| 2 | Стандарт 2. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу (5 критерий) | 15 | 0 | - |
| 3 | Стандарт 3. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо (5 критерий) | 12 | 2 | - |
| 4 | Стандарт 4. . Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал (4 критерий) | 12 | 0 | - |
| 5 | Стандарт 5. Материалдык жана маалымат ресурстар (5 критерий) | 12 | 2 | - |
| Критерийлердин жалпы саны | | 25 | | |
| Бардыгы | | 66 | 6 | |
| **Жалпы балл** | | **72** | | |

**Аккредитация боюнча кабыл алынуучу чечимдер**

ТЭКтин (тышкы эксперттик комиссиянын) жыйынтыгынын негизинде төмөнкү чечимдердин бири кабыл алынат:

| **№** | **Балл** | **Чечим** |
|---|---|---|
| **1** | **65-75** | 5 жылдык толук аккредитация |
| **2** | **46-64** | 3 жылдык шарттуу аккредитация |
| **3** | **35-45** | 1 жылдык шарттуу аккредитация |
| **4** | **34 жана андан төмөн** | Аккредитациядан баш тартуу |

## V. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН ЖАНА ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА СУНУШТАР

1.Заманбап технологиялар менен камсыз кылуу үчүн атайын каражаттарды табууга аракет кылуу.

2.Окуу процессинин сапатын дагы да жогорулатуу үчүн ата-энелер жана иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташтыкты күчөтүү.

3.Квалификация жогорулатуу курстарынын форматтарын заманбап талаптарга ылайыкташтыруу, онлайн жана гибриддик форматтагы курстарды көбөйтүү.

4.Окуу корпусун капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү боюнча иштерди алып баруу

5.Өздү спорт залдын курулушуна каржы булактарын издөө.

6. Эл аралык жана ички долбоорлорду издөө, катышуу жана тартуу боюнча жигердүү иштер алынып баруу.

## VI. КОРУТУНДУ

Эксперттик комиссиянын программалык аккредитациянын тышкы баалоо жыйынтыгы боюнча:

Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер): 8322 -“ВС”категориясындагы автомобиль айдоочу, 8331-“А” категориясындагы тракторчу машинист билим берүү программасын ишке ашыруу «Сапаттуу Билим» стандарттарына шайкеш келет деп эсептейт;

1. Аккредитациялык Кеңешке "**Чарбак ээси**" билим берүү программасына **5 (беш) жыл жылдык аккредитация берүү жөнүндө** чечим кабыл алууну сунуштайт.